Макулдашылды:
В.И.Ленин атындагы жатак-
мектебинин кесиптик уюмунун
төрагасы ____________________
Чыналиев Нурлан
"____" _______________2022-жыл

"Бекитемин"
В.И.Ленин атындагы жатак-
мектебинин директору___________
Юсупалиева Алима
"____" _____________2022-жыл

В.И.Ленин атындагы жатак мектебинин кызыктар тараптардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө **ЖОБО**

(КР 2008-жылдын 26-февралындагы № 16. 2009 жылдын 15-июлундагы №214. 2011-жылдын 3-майындагы № 17. 2013-жылдын 15-июлундагы №144. 2015-жылдын 17-февралындагы № 35. 2016-жылдын 27-июлундагы № 148. 2016-жылдын 27-июлундагы №151 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

**Кызыктар тараптардын кайрылуусу (мындан ары-кайрылуу) -жазуу жүзүндө, электрондук же оозеки формада баяндалган сунуш, арыз, даттануу:**

1) Электрондук кайрылуу-билим берүү уюмунун электрондук почтасынын расмий дарегине келип түшкөн арызздануучунун кайрылуусу;

2) Сунуш мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү, билим берүү уюмунуништерин жакшыртуу, мектептин маселелерин чечүү боюнча жарандык сунуштарын камтыган кайрылуу;

3) Арыз жарандын өзүнүн коништитуциялык укуктарын жана эркиндиктерин же башка адамдардын коништитуциялык укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууга көмөк көрсөтүү тууралуу жарандын өтүнүчүн камтыган кайрылуу;

4) Даттануу - жарандын анын бузулган укуктарын жана эркиндиктерин же мыйзамдуу кызыкчылыктарын же болбосо башка адамдардын укуктарын, эркиндиктерин же мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүү жөнүндөгү өтүнүчүн камтыган кайрылуу;

5) Жекече кайрылуу - бир жарандын кайрылуусу;